Сулайман Рысбаев

# СҮРӨТТҮҮ ЖОМОКТОР



-93
4

в С.
**үү жомоктор.** *Кенже курактагы* *үчүн*. – Бишкек, 2017, 48 бет.

ISBN 978-9967-465-07-7

Балдар жомокчусу, жазуучу Сулайман Рысбаевдин бул чакан жомогунда бүгүнкү күндөгү адамдардын жашоого, дүнүйө-мүлккө жана адамдарга жасаган мамилеси, адеп-ыйманы көркөм чагылдырылган. Балдарды адеп-ыйманга, адам мээнет, ак эмгек калууга үндөйт.

МАМЛЕКЕТ
ЫЗ!
ЫЗСТАНДАГЫ
ЭКИ ЭСЕ БАЙ
ЙТ!
ВДУК ОРНОЙТ!
АГЫТ АЛАЛЫ!

.51-93
и7-4

в, 2017

2018

# БАКЫТ ИЗДЕГЕН БАЛА

Ж о м о к

*Тестиер курактагы балдар үчүн*

*Чоң атам — Рысбайдын элесине арнайм.*

Качан экени белгисиз, кайсы бир заманда, адал мээнети менен жан баккан, ак эмгеги менен мал тапкан, карапайым өмүр кечирген бир абышка-кемпир болуптур. Алар жаш кезинде бала көрбөй, кырчын кездин кырында бактылуу болуп бала көрүп, үйүбүзгө бакыт келди деп, уулунун атын Бакыткелди коюшат. Бакыткелди башка балдардан бөлөкчө, бир сырдуу, миң кырдуу, адептүү, ыймандуу, өңдүү-түстүү болуп чоңоёт экен. Жети жашынан баштап атасына жардам берип, мал багып, ала тоолордун курбусуна чыгып, аркар-кулжалар мекендеген ажайып жерлерде өсөт.

Жайдын толуп турган мезгили эле. Күндөрдүн биринде, Бакыткелди күндүз малын таш короого жуушатып коюп, куш уйку салганы отура кетет ташка жөлөнүп. Ошо кезде кайдан-

дыр, «кыйкуулаган» мукам үн салган, канаттарынын учунан күмүш нур тамган куудай апаппак куш көктө пайда болот да, адамча үн салат, көз ирмем аялдай калып: «Эгерде, кимде-ким бактылуу болгусу келсе, бирөөнүн ак эмгек, адал мээнетин жебесин. Бакыт ошонун энчисине буюрулган!»

Сырдуу добуштан улам көзүн ачкан Бакыткелди, адамча сүйлөгөн бул Аккуштун карааныи чала көрүп, апкаарыган боюнча кала берет. «Түшүмдө болдубу, же өңүмдө болдубу?» – деп аң-таң калган бала сырдуу бул окуяны атасына айтып келет кечинде. «Түш көргөнсүңго» деп коёт атасы беймарал.

Ошентип, чарчап келген бала бат эле уйкуга кирип, жайдын кыска түнү да бат эле таңга алмашат. Эртеси малын жайып ала тоолорун аралап, аркар-кулжалар мекендеген курбу тоолорун көздөй кетет Бакыткелди.

Кыялданып - кыялга, ойлонуп - ойго тойбогон бала атасынын бала күндөн айткан насаат сөздөрүн эстей, балтыркан-ышкын үзүп жеп, дүйнөнүн кооздугуна тойбойт.



Атасынын үнү кулагынан кетпейт: «О, Көкө-Теңир, балама кең келечек, баа жеткис бакыт бер; кең пейил, темирдей ден соолук бер; өмүрүн узак, өрүшүн жайык кыл; башын таштан, эркин темирден жарат; ченемсиз күч, жеңилбес намыс бер; бийик акыл, таза адеп-ыйман бер; досун көп, душманын аз кыл...»

Атасынын ушул сөздөрүн эстеп, көңүлү көөшүй түшкөн Бакыткелди, кантип көзү илинип, уктап кеткенин байкабайт. Дал ошол маалда баягы сырдуу Аккуш дагы да кайдандыр көктө пайда болот да, адамча сүйлөп, үн салат закымдатып:

«Эгерде, кимде-ким бактылуу болгусу келсе, мусапырды мусаапыр дебей, жардам-жакшылыгыңды аяба; чыныгы жакшылык милдет кылынбай жасалат. Бакыт ошонун энчисине буюрулган!»

Сырдуу бул добуш басылары менен умачтай көзүн ачкан Бакыткелди, кечээ көргөн күмүштөй жаркыраган Аккушту даана көрөт. Анан ал куш көздөн кайым болгон тарапты элейе караган бойдон кала берет.

Бул окуя кокустан көргөн түш эмес, өңүндө эле болгонун чындап туюп, ээн талаада эрбейген Бакыткелди малын жыйнайт да, бешимге жетпей үйүнө кайтат.

Болгон ишти бала дагы да атасына айтат. Атасы ишенейин деп бир ойлойт, ишенбейин деп миң өйлойт. «Буга бир сыр көрүнүп жат-

кан экен» деп чоочуп, эртеси кой кайтарып өзү баргысы келет. Ошондо өзүнүн атасы айткан: «Бактылуу болор адамга бакыттын сырдуу кушу өмүрүндө үч ирет жолугат» деген осуят сөзү эсине түшөт. «Бирок ал адам, бактысын көп азап көрүп, алыстан табат...» дегенин эсине салат.

Анан бул жалгыз баласы тегин бала эместигин ойлоп, «эмнеси болсо да, бактысына келгенин көрсүн»,- деп эртеси да мал айдатып жалгыз жөнөтөт. Баланын эс-акылынын баары – «баягы сырдуу Аккуш каяктан келер экен» деп күтөт. Кечке күтөт, келбейт, эртеси да келбейт... дагы да... канча күтсө да келбейт. Бул сырдуу окуя ата менен баланы мурдагыдан да катуу ойго салат, мурдагыдан да катуу санаага батырат.

Арадан ай өтөт. Ошондо атасы менен энеси уулун жанына чакырышат да, мындай дейт оор улутунуп:

– Балам, сага мен Бакыткелди деп бекер ат койгон окшойм. Аргам жок. Бирок мен ага өкүнбөйм. Сага жолуктурган сырдуу Аккушту



Теңирим бекер жибербептир. Сага ал эки ирет жолукту, эми үчүнчү ирет качан жолуктурарын Теңирим өзү билет. Сен бактыңды «качан келет» деп күтүп отурбай, издеп жолго чык. Кантейин, боконо сөөгүң ката элек, жашсың.

Теңирим өзү жар болсун, оомийин!.. - деп бата берип, буркурап ыйлап, күтүп кала берет экен байбичеси менен.

Бакыткелди алты айга жетер күлазык алат да, жаңы асыйга келген Керкашка атына камчы басып, жолго чыгат. Күнү-түнү уктабай жол арбытат. Тоо-талааларды өтүп далай элдерге кездешет, далай сууларды кечет. Күз өтүп, кыш келет. Кыш өтүп, жаз келет. Жаз жайга алмашат. Баягы сыйкырдуу Аккуш кездешпейт же өңүндө, же түшүндө. Азыгы түгөнөт. Аты да, өзү да арып-чарчайт. Атасынын айткан акылын эстеп, атынын ээр кашынын алдына каткан мээр чөптөн атына да берип, өзү да тилинин алдына катып, кайтадан кубаттанып жол улайт. Ошондо эстесе, арадан жети жыл өткөн экен. Астындагы аты жети асыйга толуптур да, өзү эр жигит курагына келиптир.

Кайрадан күз келип, бир сары өзөнгө туш келет. Атын сугарайын деп, тизгин тартат. Булкунган Керкашканын тизгинин кере кармаган жигит ат менен кошо эңкейет. Ачкадан тунарган жигиттин көзү суунун чекесинде калкып

турган тоголок кызыл нерсеге урунат. Байкаса, алма экен. Атынан түшө калып алманы алат да, качантан бери оозуна наар албаган неме алмадан бир тиштеп жибергенин билбей калат. Ошондо баягы сырдуу Ак куштун айткан сырдуу сөзү эсине түшөт, чагылгандай жарк этип: «Эгерде кимде-ким бактылуу болгусу келсе, бирөөнүн ак эмгек, адал мээнетин жебесин. Бакыт ошонун энчисине буюрулган...»

Бактысын издеп азап чегип алыстан келаткан Бакыткелдинин көзү чайыттай ачылып, суроксыз, бирөө ак эмгеги менен өстүргөн алмадан бир тиштеп жеп алган алкымын тилдеп, өз ыйманы өзүн кечирбей, аны ким өстүрсө да бүгүлүп кечирим сурап, алмасын суроксыз жегени үчүн өмүр бою кызматын кылып берүүгө дилинде даяр болуп, өзөн бойлоп өрдөп жолго түшөт.

Бир канча жол басып, бир шаарга туш болот. Шаардын сакчылары жигиттин алдынан тосот. Жигит сакчыларга узак жерден келатканын, өзөндүн аягынан бир алма таап алганын, аны суроксыз тиштеп алып, Теңир алдында чоң кү-

нөөгө батканын, эми ал алманы ким өстүрсө да, андан бүгүлүп кечирим сурап, өмүр бою кызмат кылып берүүгө даяр экенин билдирет...

Аты ыргайдай, өзү шыргыйдай болгон бул «кемпай» жолоочунун сөзүн угуп:

– Тамашаңды коюп, каякка, кимге, эмнеге баратасың, ошону айтчы! - дешет сакчылар. Бакыткелди оюн болгондой кылып он ирет кайталайт. «Бул алыстан келатып, шайтан даарып, жинди болуп калган неме экен. Ханыбызга алып барып, тамашага баталы»,- дешип, эриккен сакчылар аны ханга алып барышат.

Ханга Бакыткелди болгонун болгондой айтып берет. Адегенде, ал дагы сакчылары менен кошо күлүп, анан шылдың кылып жатабы деп, чала-була жазалап, акыры бул бала бекер айтып жаткан жок, мында бир сыр бар - деп ойлойт да:

«Макул, бирок ал айыбың анчалык бүгүлүп кечирим сурап, өмүр бою кызматын кылып берер нерсе эмес. Өзүң, адал пейил, ак ниет, пейилиңди Теңирим өзү ниетиңе салган, ырыскыңды мол жаратып, насибиңди кең кылган,



бешененеңе күн тууган, ийининңе ай тууган, бактылуу болор жан экенсиң» - деп кыялданып:

– Мейлиң, - дейт анан,- алмамды сураксыз жеген айыбың үчүн өмүр бою менин алма багымды багып кызмат кыласың!

– «Бул - биринчи жаза, а экинчиси кийин берилет» - деп бүтүм чыгарат.

Ошентип, Бакыткелди хандын алма багында кызмат кылып, сугарып, багып, күн кечирип кала берет.

Хан Бакыткелдини сыноого салат: ач кылып, ток кылып, пейилин сынайт; оор-жеңил иш буюруп, күчүн сынайт; коркутуп-үркүтүп, эркин сынайт. Бакыткелди баарына чыдайт, бардык сыноодон өтөт. Бала хандын купулуна толот. Арадан куштай учуп дагы үч жыл өтөт, бала он жети жашка келет. Ошондо хан Бакыткелдини өзүнө чакырат да, мындай дейт экен:

– Сен баягы менин алмамды суроосуз жеген айыбың үчүн экинчи жазаңды тартар кезиң келди. Угуп тур, сен өз күнөөңдү жууш үчүн менин айтканымды аткарасың...

– Куп болот, - дейт Бакыткелди тартынбай. Хан сөзүн улайт:

– Менин эки көзү сокур, эки кулагы дүлөй, эки буту баспаган, тили сүйлөбөс дудук кызым бар. Ошону аялдыкка аласың. Ошондо сен Теңир алдында айыбыңдан арыласың ...

Хандын бул сөзүн угуп, Бакыткелди эси ооп эмне дээрин билбей туруп калат. «Баш тарта-

йын» дейт хандын бул талабынан. Бирок, баягы сырдуу Ак куштун айткан экинчи сөзү эсине келет да: «Болуптур, Теңирим башыма салганды көрөйүн, сокур, дүлөй, дудук, шал болсо бир мусапыр экен го, мен деле мусапыр эмей, киммин. Мен андан жакшылык-жардамымды аянбайын» - деп ойлойт.

– Куп болот, ханым. Кызыңызды көзү сокур, кулагы дүлөй, колу-буту мунжу, тили дудук дебейин, Теңирим буйруса теңим кылып, милдет кылбай бактыма жазганын көрөйүн, - деп жооп кайтарат ханга.

Ошентип, Бакыткелди хандын кызына үйлөнмөк болот. Арадан күндөр өтөт. Баягы сырдуу Ак куштан да дайын жок, же келинчеги болор, хандын «майып» кызынан да кабар жок. Тагдырынын буйругуна башын байлаган, бирок да бактысын издеген жигит көзү сокур, тили дудук, буту шал келечектеги өмүрлүк жарын көз алдына элестете албайт.

Күндөрдүн биринде хан өзүнө чакырып, Бакыткелдиге каардуу унчукту:

– Баягы сөзүңдөн кайткан жоксуңбу? Таг-

дырыңа таарынчың жокпу? Бул - акыркы суроом.- деди хан.

– Жок,- деди жигит,- тагдырымдын буюрганына башымды байладым...

– Анда эмесе, үлпөт үйүнө муну алып баргыла, - деп буюрат жигиттерине. Жигиттер Бакыткелдини желдеңдете жетелеп үйлөнүү үлпөт үйүнө алып келишет. Ал жерде хандын өзү, жан-жөкөрлөрү, «мыкты», «жакшы» деген адамдардын баары толуп турган экен. Чылк алтындан курулган сарай ичи үлпөткө абдан даярдалыптыр. Дасторкон үстү түркүн-түрдүү тамак, шараптарга толуп турат. Аңгыча «Адилет ханыбыздын аруу кызы - Нуркыз келатат! Нуркыз келатат!» деген шаңдуу үн алтын сарайды жаңыртты.

«Бечараны көтөрүп алып келатышат го...» - деп ойлогон Бакыткелди эл караган жакты карагысы келбей, көзүн жумуп жиберди. Эл дүркүрөп, кошоматка кой союп, дуулдап, ыр-бий, кол чабуулар жаңырып жатты. Эси эки болуп, жигит эмне кыларын билбей, дагы эле көзүн ачпай турду. Бир топтон кийин уу-дуу басыл-

ды. Эл «бир нерсени» күтүп жаткансып, балким, өзүнөн бир ооз сөз күтүп, же келинчеги менен көрүшүүнү күтүп жатканын билбей, денесин калтырак басып турду дагы эле.

Бир кезде бирөөнүн «көзүңдү ач» деген шыбырын укту да, эрксизден көзү ачылды жигиттин. Ал көзүн ачып, катарында турган баягы сырдуу Ак куштун күмүш чачкан канатындай ак үрпөк үлпөт кийимин кийген айдай сулуу пери кыздан көзүн ала качып, өзүнүн «мунжу келинчегин» издеп: «Канакей!» деп шыбырап, ээгин кыбыратты.

– Келинчегиң - катарында... - деди акырын жүзүнө үңүлө, хандын даражалуу жигиттеринин бири, ызаат кыла. Ансыз да, бүт денесин калтырак баскан, нечен күндөн бери оозуна наар албай, миң түркүн ойдон азап чеккен жигит, эс-учун билбей, маңдайында турган алиги жигиттин кучагына кулады...

Канча убакыт өткөнү белгисиз, жигит көзүн ачса, хандын кызы - Нуркыздын жүз баштуу Ак өргөөсүндө ак була төшөктө жаткан болот. Мандайында — желпүүр кармаган эки кыз.

8014



– Мен кайдамын? - деп сурайт алардан Бакыткелди.

– Сиз адилет ханыбыздын аруу кызы Нуркыздын үлпөт өргөөсүндөсүз. - дейт кыздар бир ооздон жебирешип.

– Ал... өзү кайда азыр? - дейт жигит апкаарып. - Ал... Ал... басабы?

– «Басабы?» - дегениңиз кандай?

– Буту менен басабы?

– Апей, адам баласы болгон соң, баспай анан, эмне, жөргөлөмөк беле? - Жигиттин сөзүн тамаша катары кабыл алган оң жагындагы куш моюн кыз шыңгыр күлкүсү менен жооп берди.

– Көрөбү? - деди жигит дагы да, таңыркаганынанбы, же билгиси келгениненби, үнү калтырай сүйлөп.

– Опей, көрбөй коймок беле, ал деле киши да, - берки кара каш кыз сөзгө кошулду. - Сиз тамашакөй экенсиз э... же канча күндөн бери сүйлөбөй жатып, ушуларды ойлонуп жаттыңызбы?

Жигит суроосун дагы да улантат:

– Ал... угабы?..

Мындай суроолор кыздарды тажатып жибердиби, же акылынан адашып, жинди болуп калдыбы дештиби, айтор, кыздар бирин-бири карашып алышты да, «азыр келебиз» дешкен боюнча сыртка чыгып кетишип, дайынсыз жоголушту.

Бушайман суроолор менен кала берет Бакыткелди. Аңгыча, саймалуу Ак өргөөнүн түндүк жабуусу толук тартылган айтегерек чамгарагынан күн шооласындай жарк-журк эткен бир нерсенин элесиби же бир ажайып нурбу, карегине тартылат. Караса, качантан бери азапка салып көрүнбөй кеткен баягы сырдуу Ак куштун өзү түндүккө элпек конуп, канаттары менен кол булгалагансып көз ирмем турат да, дагы да баягыдай, закымдата, адамча үн менен добуш салат:

– Эгерде, кимде-ким бактылуу болгусу келсе, Теңири берген ырыскысын тээп албай, көтөрө билсин. Бакыт ошол адамга буюрулган...

Эми гана ал кушту жигит даана көрөт. Ал адамча сүйлөп үн салган, дүйнөдөгү эң сулуу, эң акылдуу, эң эстүү, эң эле адептүү, эң эле

мээримдүү аялзатынын элесине окшогон, адам десе адам эмес, куш десе куш эмес, Теңиримдин бир керемети менен жаралган, башына бакыт конор жигитке жаратканы өзү туш кылган ажайып сыйкыр нерсе эле...

Ошентет да, Ак куш кайдан келсе, ошол жакка кеткендей, көз ирмемде жок болот. Ачылган оозун, талыган кирпигин жыйганча, саймалуу эшик серпиле ачылып, хандын аруу кызы Нуркыз, аны коштогон кырк кыз келет. Келет да Бакыткелдиге той кийимин кийинтип, өздөрүнүн тобуна алып, үлпөт сарайга бирге барышат. Ал жерде, баягы, мындан канча күн мурда башталган той аягына чыга элек экен. Эл хандын кызын узатар, күйөө баланын жолуна ак тилек каалап, жүздөрүнө бата тартар учурду күтүп жатышкан экен.

Таң аппак атып, үлпөт той аяктап, ак бата берилерде, хан кызы менен Бакыткелдини өзүнө чакырып, мындан канча жыл илгери, арыпчарчап, чекесинен бир тиштелген алманы алып, ушул алманы суроосуз тиштеп алганы үчүн кечирим сурап келгендиги, бул айыбы-

нын жазасы - «менин сокур, дүлөй, мунжу кызыма үйлөнөсүң» - деп айткан сырдуу сөзүнүн маанисин түшүндүрүп берүү мөөнөтү келгендигин билдирди.

– Эмне үчүн мен кызымды «көзү көрбөйт» дедим, анткени, жаман, кереги жок нерсеге кызым көңүл бөлүп карабайт дегеним; кызым «тили жок, дудук» дегеним - оозунан жаман сөз, суук кеп чыкпайт, кери сүйлөп, жаман айтпайт дегеним; «буту баспайт, кулагы укпайт» дегеним - тетири жолго баспайт, ушак сөздү, каңырыш кепти тыңшабайт дегеним. Эми, ушу Теңир берген ырыскыңарды көтөрө билгиле, тутуп алгыла. Оомийин! - деди да, ак батасын берип, алты жүз төөгө алтын-күмүш сеп артып, кыз-күйөөсүн сан-салтанат менен узатат.

Бакыткелди аруу жары Нуркызды ата-энесине алып келип, бактылуу далай жылдарды кечирип, узак жашаптыр. Адилет, элим-жерим деп жашаган, бей-бечарага кайрымдуу бул жигитти эли хан көтөрүшөт. Бирок Нуркыз менен канча жыл өмүр сүрсө да, баягы Ак куш ким, аруу жары Нуркыз ким - ажырата албай, эч

кимдин адал мээнетин, ак эмгегин жебей, мусапырларга жардам-жакшылыгын аябай, элине адилет, кайрымдуу хан болуп, Теңир берген ырыскысын көтөрө билип, тээп албай, төгүп албай, ырыскынын кучагында бактылуу, беймарал өмүр кечирген экен.

# БАЛЫК БАЛДАР, ЖЕ КӨЛ ЖЭЭГИНДЕГИ ТҮНКҮ КУМ СЕПИЛДЕР

**Жомок**

*Тестиер курактагы балдар үчүн*

Бул ажайып окуя биздин ыйык көлүбүздүн жээгинде, бир чакан айылда жакынкы эле жылдарда болуп өтүптүр. Айылдын балдары күндүн ысыгында көл жээгинен чыгышпайт. Кичинекей камыштуу буйтканын жумшак кумдуу тайпасы көлгө түшкөнгө эң эле ыңгайлуу, куму да шекердей майда, майлап койгондой жумшак. Күндүн ысыгына кактанып жаткан балдар анын кумунан бирде коргон, бирде тоо жасап, бирде чукуп суусун чыгарып көл жасап ойноп, оюндан кумары канбайт.

Ошол балдардын ичинде, мындай оюндардын башчысы - Кумар эле. Башка балдардын баары анын айтканын орундатуучулары гана.

Бир күнү Кумар көл жээгине эртең менен элден мурда келди. Келди да, көргөн көзүнө ишенбей, көл жээгиндеги кум сепилдерди кызыга карады. Кечээ өзүлөрү жасаган коргондор менен тоолордон кыйла башкача болгон жаңы кум сепилдерди кимдер жасады экен... Балким, айлуу түндө келип көлгө түшүшкөн шаардыктардын балдары жасаштыбы?

Ким билсин... Шаардыктар эки-үч күнгө келишет да, бала-чакалары менен ысыкта күнү-түнү көл жээгинен чыгышпайт эмеспи.



Ким жасаса да, бул сепилдерди мыкты жасаптыр... Бирок бул эмне деген сепилдер?.. Кыркалекей чоң коргон экен. Адегенде, коргондун дарбазалуу астаналары бар экен. Анын дубалдары бийик, эки катар. Ичинен адам өтчү жолун да унутпашыптыр. Ар кай жеринде чакан-чакан кумпалуу майда сепилдери да кызыктырат. Анан да коргондун ичиндеги чарчы дубалдуу, бийик-бийик, үстү кумпалуу сепилдери менен мунараларычы!

Эң сонун экен! Бирок Кумар ар күнү досторунан кыйынсынып, буюра сүйлөп, түрдүү коргондорду, үйлөрдү жасашса да, мындай кооз сепилдерди жасай элек болчу. Эгер жасашса, колунан келет беле, ким билсин?

Кантсе да, көрүп турган көзүнөн кызганып, мындай кооз сепилдерди өзү жасай албагандыгына ичи тарыды. Анан алардын баарын заматта бузуп таштады...

Бузуп таштады да, эми достору келгенде, дал ушунун өзүндөй кооз сепилдерди курууну ойлоду. Оюнда досторуна эң сонун сепилдерди куруучу чоң устадай элестетти өзүн...

Анан достору келди. Кумар оюндагысын аткарууга киришти.

– Балдар, бүгүн биз кум сепилдерди курабыз. Мен айткандай кыласыңар... – деп, баягы «шаардыктардын» балдарынын түндө куруп кеткен сепилдеринин ордуна кум үстүнө чиймесин чие баштады.

– Жомоктогудай кооз сепилдерди курабызбы? - деп сурады досу Арген.

– Ооба, - деди Кумар, - келгиле, баштайбыз.

Балдар Кумардын айтуусу боюнча ичинде жолу, ар кай жеринде кумпалуу чакан сепилдери бар кенен чарчы коргонду курууга киришти. Бирок кумдары бир аздан соң эле күн нуруна кургап, кулап түшө баштады. Андан соң, коргондун ичине кумпалуу чоң сепилдерди курууга киришти. Бирок, алар дагы жанагындай болуп кулап түшүп жатты. Түшкө чейин убара болушканына карабай, «жомоктогудай» кум сепилдерди алар кура алышпады.

Карды ачып, чарчагандан кийин гана үй-үйлөрүнө көңүлсүз таракшты. Айрыкча, Кумарга оор болду. Алар баарынан «кыйын» эмес беле? Кантип эле алыскы борбор шаардан эки-үч күнгө келип-кеткен балдардан кем болсун! Алар эле күн сайын көл жээгиндеги кумда ойноп жүргөн Кумар, Арген сыяктуу балдардан кыйын бекен?..

«Эртең келип, баарын башкача кылып, жомоктогудан да мыкты сепилдерди курабыз» – деп ойлоп баратты Кумар, көл жээгин кылчак-кылчак карап кетип баратып...

* * *

Кумар эртең менен эрте ойгонду да, досторун күтпөй эле көл жээгин көздөй чуркады. Келип көргөн көзүнө ишенбей көпкө карап турду.

Кечээкиден да кооз, кудум  жомоктогудай кум сепилдер өзү эле курулуп калгансып, көз жоосун алат!

Капырай, бул сепилдерди түнкү айлуу түндө баягы шаардык балдар кайрадан куруп кетиштиби дагы?

Табышмактуу бул окуядан  Кумар эсине келе албай, келсе да, ичи тарып карап турду да, аларды заматта тебелеп-тепсеп кыйратып таштады.

Анан көлгө барды да, балыктай эркин сүзүп, көпкө жүрдү. Бир кезде Арген баш болгон кошуна дос балдары келишти. Алар дагы көлгө түшүп кумары канган соң , жылуу кумга жата кетишти.

Кумардын ою баягы эле, «жомоктогудай» кум сепилди кайрадан куруу болчу. Досторуна ал тууралуу айтты эле, алар дагы каршы болушпады.

Узун коргон, майда сепилдер бат эле курулду, бирок, күнгө кургаган соң кайра кулап түшүп калды. Чарчы чоң кумпалуу сепилдерди куруу андан бетер кыйын болду. «Деги, күндө көргөн табышмактуу кум сепилдерди өзүндөй кылып курууга чын эле мүмкүн эмеспи?! Сыйкырдуу бул окуяны ким жасап жатат?.. Эртең дагы ушундай болобу?»- деген ой кыйнады Кумарды.

«Жок, бүгүн дем алыш эмеспи. Шаардан келгендер бүгүн кечинде үйлөрүнө кетишет. Эртең мындай ич күйгүзгөн окуя болбойт. Бүттү!» – деп ойлоп, Кумар өзүн тынчтандырды.

Бирок, баары бир Кумар ойлогондой болгон жок. Эртеси эртең менен досторунан мурда ашыгып келип, дагы эле баягы жомоктогудай кум сепилдер курулуп турганын көрүп ишенбей турду...

Табышмактуу бул окуя Кумардын ичин ого бетер куйкалады. Эми бүгүн түндө аңдып келип, ким бул сепилдерди куруп жатышканын өз көзүм менен көрөйүн... – деди да, сепилдердин баарын бузуп таштап, артын карабай үйүнө жөнөдү. Алдынан достору чыкты. Аларды Кумар карагысы келген жок.

– Кумар, жүрү көлгө түшөлү, - деген Аргендин сөзүнө кулак түрбөдү. Кумар ал күнү көл жээгине



кайтып келбеди. Кечке ар нерсе кылып, үйдө убакыт өткөрдү. Маанайы чөгүп, кандай да болбосун, бүгүнкү айлуу түндө көл жээгине аңдып барууну ойлоп кеч киргизди.

Ай бүгүн сүттөй жаркырап, көөлгүп чыкты. Кумардын үйү көл жээгиндеги кичинекей дөңсөөдө да. Терезеден көл көрүнүп, жаңыдан көтөрүлүп келаткан алтын Ай көлгө түшүп калгансып, нуру менен көл жээгин миң түргө бөлөп, сулуу да, сырдуу да көрүнөт...

Ай өйдө көтөрүлүп, балбылдаган оттой болуп, же эрип жаткан тоголоктогон сары майдай балкып төгүлүп турду. Ата-энеси уктаган соң, Кумар акырын эшикке чыгып, көлдү көздөй жөнөдү. Дөңдүн түбүндө өскөн камыштардын арасына жашынып, «Качан шаардык балдар көлгө келер экен, борбордун балдары кандай балдар болду экен. Алар жомоктогудай кумпалуу кум сепилдерди кантип курушар экен?» – деп кыйлага ойлонуп отурду. Эч ким келген жок.

«А-а, шаардыктар үйлөрүнө кеткен экен да... Болбосо, момундай сонун сүттөй жарыкта ысык шаарыбызга барганча бирден чумуп алалы - деп бая эле келмек да. Кап, алардын кум сепилди кантип курарын көрбөй каламбы...,» – деп санаага батты. Көл болсо, үстү анча-мынча тармалданып коюп, мелтиреп жатты, ай жарыгын жамынып...

Ошол маалда мелтиреген көл бетинин ар кай жеринен балдар-кыздар култ-култ эте чыгып, бери карай сүзүп жөнөштү...

«Бир... эки... үч... анан дагы... төрт... беш... алты...»

Булар баятан сүзүп жүрүшкөн «шаардык балдар» беле?.. Баятан буларды көрбөй каякты карап отурду эле Кумар?..

Алар үч кыз, үч бала экен. Бул жердин балдарына түк окшобойт. Алар каткырып күлүшүп ары-бери бир аз куушуп ойношту да, кумга оонап жата кетишти. Күлгөнүнөн башка кобураган сөздөрү угулбайт. Бир маалда алар жапырт туруштту да,



кум сепилдерди куруп киришти. Адегенде, ортого чоң кумпалуу сепилди, анан кичинерээгин, андан соң жанына бийик мунараны курушту да, бат эле тегерегиндеги сепилдүү коргонду куруп коюшту. Баарын бат эле бүтүрүштү. Бүтүрүштү да, кол кармашып алып тегеренип ойноп-бийлешти.

Өзүндөй болгон, он, он эки жаштардагы сексегей чачтуу апакай кыздар жана сергек көңүл бу «шаардык» балдар Кумарга аябай жакты. Айрыкча, узун бойлуурак бала менен кубалашып ойногон узун чачтуу апакай жүздүү кыз жакты. Азыр

эле барып, алар менен өзү таанышып, ошол узун чачтуу апакай жүздүү кыз менен куушуп ойноп, кум сепилдерди айланып кол кармашып бийлегиси келди... А балким, тиги жанындагы узун бойлуу бала Кумардын аны менен бийлөөсүнө макул болбос...

Кантсе да, бул «шаардык» балдар жана кыздар менен барып таанышууну чечти. Ошол кезде алар экиден кол кармашкан боюнча көлдү көздөй басышты. Көлгө барышты да, бир аз сүзүп, анан чумуп көрүнбөй калышты. Суудан көпкө чейин чыгышпады...

Кумар деле сууга жакшы сүзөт го балыктай ойкуп-кайкып, көпкө чейин суу ичинде думукпай жүрө алат го. Бирок бул балдар Кумардан да кыйын белем... Сууга чумуган боюнча далайга сырткa чыгышпады.

Кумар элейип карап отура берди. Бирок ал балдар суудан ошол боюнча кайра чыгышпады. «Алар чын эле балык болуп кетишти белем» же, башка жактан көрүнбөй жээкке чыгып кетиштиби... Түк да билинбей калды.

Кумар камыш ичинен чыкты да, тиги балдар жасаган кум сепилдерге келди. Айланта карап көпкө турду. Кечээкидей бузуп салайын деди, бирок колу барбады. «Карачы, кандай кооз сепилдер!» – деп ойлоду ичинен.

Көл жээгинде балдар менен кыздардын жылаңайлак издери быжырайт. Алардын ичинен баягы узун чачтуу ак жуумал кыздын изин издеди. «Кайсынысы болду экен, мобу татынакай из ошонуку белем...» – деди оюнда. Анын изи кумда жайнаган бардык издерден көзүнө жылуу сезилди. «А балким, аныкы эместир...» – деди экинчи ою... Анан, өзүнчө эле бушайман болуп, үйүн көздөй тез-тез басып жөнөдү.

Көз алдына ошол узун чачтуу апакай кыз кетпей, көлдү бир карап алды үйүнө жакын барганда.

* * *

Эртеси Кумар досторуна кошулуп ойногон да жок. Кум сепилди да куруууга көңүлү чаппады. Баягы түнкү «шаардык балдар-кыздар» куруп кеткен сепилди «Мен курдум, көрдүңөрбү, кандай куруп-мун» – деп досторуна мактанып таштаган. Алар, негедир, күндүн нуруна кургаганда да урап түшпөй шашкеге чейин турду. Өзү болсо, көлгө келген жер жайнаган элдердин арасынан баягы узун чачтуу ак жуумал «шаардык кызды» издеп жүрө берди. Ал тургай, кумдагы балдар-кыздардын издеринен да анын изин издеп убара болду...

«Эх, десең, ал ак жуумал узун чачтуу «шаардык кыз» кайда жүрөт болду экен..?»

Ошентип жүрүп кеч киргизди. Көз байланып, караңгы болду. Ай көөлгүп, жай, шашпай, улуу тоо-

лордун койнунан чыга келди. Ай чыкканда түрсүл каккан жүрөгү ээ бербей, түнкү «шаардык кыз-балдар» көлгө түшөр мезгилди күттү.

Кумар кечээки маалда, ата-энеси уйкуга киргенде секин жылып эшикке чыкты. Арча-кайыңдардын арасы менен көл жээгине түшүп келди да, баягы камыштарга барып жашынды...

О-о, бир убакта Кумардын көрүп турган өз көзүнө өзү ишенбеген окуя болду. Тынч, үстү тармалданып мемиреп турган көлдүн бетинин ар кай жеринен апакай боор балыктар ай жарыгына чагылыша булт-булт эте чыга-чыга калды да, бат эле балдар менен кыздарга айланып, бери сүзүп келатышты... Адегенде, Кумардын дене бою «дүр» этип отурган ордуна катып калды.

Балдар-кыздарга айланган ак боор балыктар жээктин кумуна келип, оонап-оонап алышты. Анан жумшак кумда ары-бери кубалашып ойношту...

Кумардын эки көзү баягы узун чачтуу ак жуумал кызга тигилди. Ал баягы эле узун бойлуу бала менен кубалашып ойноп жүргөнүн көрүп, кайрадан ичи тарды. Ооба, жомоктон гана укчу окуялар Кумардын көз алдында азыр эле болуп жатканы укмуш болду. «Балык балдар» оюнун токтотушуп, адаттарынча баягы бузулуп калган сепилдердин ордуна жаңы сепилдерин куруучуга кириште.

Кечээкидей окуя кайталанып жатты. Балык-балдар сепилдерин оңой эле, бат эле салып бүтү-

рүштү да, эки-экиден кол кармашып тегеренип ойноп-бийлөөгө өтүштү...

Ошондо Кумар өзүнөн-өзү эле камыш ичинен суурулуп чыгып, тиги «балык-балдарга» кантип барып калганын билбей калды. «Балык-балдар» оюндарын токтотушуп, элейип Кумарды карап турушту. Айрымдары сестенип, кеткилери келгендей жатыркай карашып, узун бойлуу баланын артына чогула калышты. Кумар аларды көздөй түз эле басып келди да:

– Силер кимсиңер? - деп өктөм унчукту.

Анын өктөмдүгү узун бойлуу балага жакты белем, ал дагы алдыга кадам таштап илгери басты.

– Сен өзүң кимсиң? - деди ал дагы Кумардан жалтанбай, өктөм унчугуп.

– Мен ушул жерлик болом. Атым - Кумар. Силер кайдан келдиңер?

– Менин атым - Талгар. А тигилер - менин досторум. Кел, андан көрө, дос бололу...

Бул жердик кебетеленбеген, чачы өскүлөң бул «балык-баланын» чечкиндүүлүгү, баарыдан да, «дос бололу» – деп колун биринчи сунуп отургана Кумардын көңүлүн жоошутуп койду. Ошентсе да, анын көзү тиги балдардын алдында турган узун чачтуу апакай жүздүү кызга тигилди.

– Биз «Алтын калаалыктар» болобуз... – деп Талгар артындагыларга бери келгиле дегендей колун жаңсады. – Бул кыздын аты - Алтынай. Бул



балдар: Эрбол менен Улук. А тиги кыздар болсо - Айкыз менен Нуркыз.

– А... а... «Алтын калаа»... – каякта?.. – деди Кумар анын сөзүн угуп, ойлуу... – Алыстабы? Тиги тоонун артындабы?

Талгар сөзүн улады:

– Биздин «Алтын калаа» деген шаарыбыз - бул көлдүн түбүндө. Ал илгери болгон, илгери-илгери... Ал шаар азыр жок...

– А силер... шаарыңар болбосо, кайда жашайсыңар...

– Мен аны сага жай түшүндүрө албайм... Андан көрөкчө, айтчы, күн сайын биздин «Кум сепилибизди» сен бузуп жүрөсүңбү... Чынбы? Айтчы, эмнеге?..

Бул суроо Кумардын жүрөгүнө оор тийди. Уялды. Ошондой кооз кылып мээнеттенип салган сепилдерге ичи тарып, өзү ошондой кылып сала албагандыгы үчүн көрө албай, күндө тебелеп-тепсеп жүргөнүнө аябай сынып калды. Баарынан да момундай адилет сүйлөгөн Талгар, тиги татынакай кыз Алтынайдын алдында уялып, жер карады...

– Ооба, мен болчумун. Кечирип койгула... Эми биз мындан ары дос бололу... дебедикпи... Бирок айткылачы, бул кумпалуу кооз сепилдер силердин «Алтын калаанын» сепилдериби?

– Ооба, алар ошол... биздин калаанын сепилдери болчу...

– Ал аябай коозбу... «Алтын калаа» дегендей, баары эле алтындан болсо керек...

Талгар унчукпай калды да, улутунуп алып, сөзүн улантты:

– Кумар, «Алтын калаа» жана анын кумпалуу сепилдердин бардыгы узун жомок... Мен аны сага айтып бүткүчө таң атат... Эртеңден баштап келбейбиз. Ар бир жылдын баш оона айынын жаңырган айы толгон күндүн ары жак-бери жагында

төрт-беш күн гана келебиз. Калган күндөрдө суунун түбүндө жашайбыз...

– Кантип...

– Анткени биз «балык-балдарбыз» да...

Талгардын кийинки сөзүн Кумар каяктан угуп жатканын билбей, же тээ байыркы өтүп кеткен ата-бабалардан бирөө келип айтып жаткан жомоктой болуп, мунарыктап, алыстан угулуп жаткансыды. Мүмкүн, уккан сөзүнө, көргөн көзүнө ишенбей турган Кумардын башы айланып, көңүлү айнып кеттиби... Белгисиз... Бирок, ал балдар-кыздар жайдын ысык табы алиге кете элек кумда Кумарды тегеректей отуруп, биринен өтүп экинчиси толуктап, байыркы бир болуп өткөн кайгылуу окуяны баян кылып жатканы гана эсинде калды.

* * *

...О-о, андан бери далай кылымдар өтүптүр. Кыргыздар күчтүү душмандардын баскынчыл согуштарынан жаңы кутулган жылдар экен. Анда кыргыздар башчысы бир, баатыры миң болуп, байлыгын эч кимге талатпай, бат эле алдуу-күчтүү, эрктүү мамлекетти куруп, узак жылдар бою бактылуу жашаптыр.

Борборун чылк алтын менен коон-доп, «Алтын калаа» аташат экен. Калаанын четин эки кабат бекем сепилдүү дубал менен курчашат. Калаанын борборуна кумпалуу чоң, орто жана кичине сепил-

дерди жана кооз мунараларды куруп, кумпаларын жалаң алтын жалатып жасашкан экен.

Эл бактылуу турмушка жетип, арык семирип, жетим жетилип, баягы оор күндөрү унутулат. Эсиргендер көбөйүп, «тай туйлап такка чыгам» деп калат. Аялдары эркектерден эрк талашып, жаштар карыялардан сөз талашып, карыялар жаштардан жол талашат. Баатырлар даңк талашып, вазирлер так талашат: Эл-журт тапкан байлыгын «сеники-меники» дешип, экиге бөлүнөт... Ошентип, бул талаш күчөп, бир күнү эл ыдырап, кашыктап жыйган ырыскысын өзү чөмүчтөп чачып алаар күн келет экен. Талашканы - бир эле нерсе экен - ал -- атагы алыска кеткен алтын кумпалуу чоң сепилдеги алтын такты, андагы алтын таажыны жалгыз ээлөө эле.

Так талашкан эки эрдин ырыскысы карга-кузгунга жем болорун билбей, эки жаат элдин ортосунда чоң уруш башталат. Уруштун акыры - ичи тар, көрө албастардын «Алтын калаанын» сепилдерине өрт коюусу менен бүтөт. Калааны жапырт өрт каптап, аны өчүрүүгө мүмкүн болбойт. Экиге бөлүнгөн элди Теңир өзү жазалаганы - ушул болчу. Ушул эле эмес, боздогон энелердин, сыздаган кары-картаңдардын, чыркыраган жаш балдардын ыйына чыдабаган Жер-эне зор силкинип, чарт жарылат экен да, астынан зор ажыдардай суу атып чыгат экен... Жалын каптап, кара күлгө айланган шаарды эл-жери менен кошо жер алдынан чыккан



түбү жок зор суу заматта каптап, биротоло жер астына жутуп кетет экен...

Ошондо эртең менен эрте тоого бүлдүркөн термекке кеткен үч кыз бала менен үч эркек бала жана да жер кесип келаткан бир кары дербиш гана аман калыптыр...

– Ошол үч кыз бала менен үч эркек бала биз болчубуз,- деген Талгардын сөзү түн ортосу болсо да, түгөнбөй уланып жатты. – Биз ошол күнү тоого бүлдүркөн терип жегени чыгып кеткенбиз. Ойноп жүрө берип, кеч кайттык. Калаанын үстүндөгү дөбөгө келсек, «Алтын калаабыздын» сепилдери кызыл жалынга оронуп туруптур. Үйүбүз кайсы жеринде калганын, ата-энелерибиздин, бир туугандарыбыздын эмне болгонун билбей, буркурап ыйлап дөңдө түн киргенче отурдук. Биз түбөлүккө «Алтын калаабыз» менен коштошуп ыйлап жаттык... Анан жер катуу силкинип кирди. Биз отурган ордубуздан кулап, тоолордон таш көчүп, оттоп жүргөн жылкылар кишенеп, уйлар мөөрөп, иттер улуп, алаамат башталды. Жер алдындагы таштар жарылып, жердин тамырлары чартылдап үзүлүп жатты. Бир кезде «та-арс!» этип жер тең экиге бөлүнүп кеткендей болду. Жер алдынан зор суу капкара ажыдаардай болуп атып чыгып, чала күйгөн «Алтын калааны» заматта жер астына жутуп, көрүнбөй калды...

Ай сүттөй жарык болчу... Асмандан аянычтуу балбылдап күйүп жылдыздар жайнап карап турушкан. Бир кезде жер жайнаган жылдыз көлү бизди көздөй каптап келатты. Биз качып тоону көздөй чуркадык...

Ошондо алдыбыздан карт дербиш чыкты да, ыйлап туруп мынтти:

– Балдарым, - деди ал,- элдин түбүнө эрегиш жетти. Эрегиш элди жеп кетти. Эми мындан ары биздин «Алтын калаабыз» болбойт. Ал өрттөнүп, күлү түбү жок көл түбүндө калды. Теңир жазалап, жер жарылып, суу менен каптатты. Эми баарыбыз суу астында калабыз...

Эми бул жердин баарын кылымдар бою каптап жаткан көл болот. Силер балык болуп кеткиле, балдарым. Бул алааматты урпактарга билдирер эми силер гана болосуңар. Ошондо ар бир жылдын ушул күндөрүндө баш оонанын ай толгон түнүндө балдарга айланып, көл жээгиндеги кумга ушул алтын сепилди куруп, урпактарбызга - ушундай сепилибиз, «Алтын калаабыз» болгонун айта жүргүлө...

Дербиш ата бул сөздөрдү айтып жатканда, биз турган жерди мелмилдеген жылдыздуу көл каптап келаткан. Биз андан качып кутула албадык. Дербиш ата «Кошкула, балдарым!» – деди да, ошол боюнча көл алдына кетти... Биз болсок, балыкка айланып сүзүп кеттик...

Бул сөздөрдү угуп отурган Кумардын эки көзүнөн көлдөй ысык жаш агып жатканын билген жок. Ал Талгарга, анын жанында ыйлап отурган Алтынай, Эрбол, Улук, Айкыз жана Нуркызга эмне деп айтарын билбей ыйлай берди... Аларды аяп ыйлады, эми алар кайрадан балык болуп караңгы көл

түбүнө кирип кетерин, эми алар кайрадан бала болуп өзү менен ойноп жүрө албастыгын ойлоп, ыйлады...

Айрыкча, айдай сулуу, узун чачтуу апакай кыз Алтынайды аяп ыйлады...

– А, силерге биз жакта калууга болбойбу?.. – деп тактап сурады бир маалда, Кумар эс алып.

– Жок, - деди алар жабыла. – Биз эми кетебиз. Таң атайын деп калды. Кош, Кумар...

Баары Кумар менен кучакташып кош айтышты. Чынында эле, булар балыр жыттанган татынакай сулуу балык-балдар экен...

– Эмки жылдын баш оона айынын ай толгон түндөрүнө чейин кош бол!.. – деген сөзүн айтып, балык-балдар кыйылып көлдү көздөй зорго басышты.

– Талгар, Алтынай, мен силердин кум сепилиңерди кантип курууну үйрөнүп алдым. Мен аны эртең досторумдун баарына үйрөтөм... – деди Кумар ый аралаш, тигилерге кол булгалап туруп.

Балдар буттарын көлгө салганда эле майдамайда апакай балыктарга айланышты да, көлгө кирип, кантип, каякка сүзүп кетишкени билинбей калды...

Мемиреген, тынч, тармал толкундуу көл гана калды Кумар менен...

– Э-эй! «Балык балдар!» Менин досторум! Мен көл жээгине сөзсүз «Алтын шаардын» алтын кумпалуу сепилдерин дал өзүндөй кылып курам! Ушундай «Алтын калаабыз», алтын кумпалуу сепилдерибиз болгонун досторум, курбуларым, элдин баары көрсүн, билсин! Кошкула! Мен силерди келерки жылга чейин сагынып күтөм! - деп кыйкырды Кумар тигилердин артынан үнүнүн бардыгынча...

*Көркөм басылма*

«Менин сүйүктүү жомогум» сериясы

**Сулайман Рысбаев**

**СҮРӨТТҮҮ ЖОМОКТОР**

*Жомок*

*Тестиер курактагы балдар үчүн*

Редактору А. Муратов
Корректору Т. Рысбаев
Сүрөтчү Мамазакирова Чолпон
Тех. редактору М. Кадыров

Басууга 1.04.2017-жылы сунуш кылынды.
Форматы 60x84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 1 басма табак.
Нускасы 500 даана.

